**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**АК-ТЕРЕК**

---

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VII чакырылышындагы VII кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2024-жылдын 12-августу №83 Кара-Коо айылы

**Жер участокторун которуу (трансформациялоо) боюнча сунуштама киргизүү жөнүндө**

---

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн №01-9/718 чыгыш санду сунушунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын, Ак-Терек айыл аймагынын Бар-Булак айылынын "Алма-Бак" участкасынан №20 контурунда жайгашкан 17,0 га жер аянтына турак жай салуу үчүн, жер аянтын "Жайыт жерлерден" башка категорияга, б.а. "Калктуу конуштар" категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берүү жөнүндө сунушун угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын Бар-Булак айылынын "Алма-Бак" участкасынан №20 контурунда жайгашкан 17,0 га жер аянтын "Жайыт жерлерден" башка категорияга, б.а. "Калктуу конуштар" категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Ж. Зарнаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Ж.Сугатчиевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б.Б. Барыктабасов**